**“Аппак кар”**

Сөзү: Шайлообек Дүйшеев

Обону: Сагынбек Момбеков

Эшикке чыксам акактап,

Мына, мына апаппак.

Кар калың жаап салыптыр,

Карасаңар кызыктай,

Кара күчүк мышыктар,

Аппак болуп калыптыр.

Кайырма:

Тоголондук топтой.

Тоңобуз деп коркпой.

Чоңдор тез-тез басышат,

Алар кайда шашышат?

Жыгылабыз дешет го,

Жылгаяктан качышат.

Бакчабызда бак аппак,

Балатылар дагы аппак.

Балдар чана теп деди.

Баары болуп карышкыр,

Коён кылып салыптыр,

Кичинесиң деп мени.

Кайырма:

Кардан кылсак мамалак,

Кара күчүк кабанаак,

Капысынан качырды.

Капталынан жыгылып,

Карга башы тыгылып,

Кайра бизден жашынды.

Кайырма: